Кыргыз Республикасынын
Президентинин
2014-жылдын 7-мартындагы
ПЖ № 54 Жарлыгы менен
бекитилген

Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши (мындан ары - Кеңеш) расмий статистиканы жүргүзгөн мамлекеттик органдарга колдоо көрсөтүү жана бул чөйрөдөгү координацияланган чечимдерди кабыл алууну камсыз кылуу, статистика жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууну контролдоону жүзөгө ашырууга чакырылган консультациялык кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

2. Кеңештин негизги милдети статистика жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууну контролдоо жана расмий статистиканы жүргүзгөн мамлекеттик органдар үчүн улуттук статистика системасын өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгаруу болуп саналат.

3. Кенеш өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерин, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

2. Кеңештин функциялары жана укуктары

4. Кеңештин негизги функциялары:

1) статистика жаатында мамлекеттик саясатты талкуулоого катышуу жана аны ишке ашырууну контролдоо;

2) учурдагы жылга статистикалык иштерди жана келечекте улуттук статистикалык системаны өркүндөтүү жана өнүктүрүү программаларынын долбоорлорун талкуулоого катышуу, ошондой эле аларды ишке ашырууну контролдоо;

3) администрациялык маалыматтар булактарына жеткиликтүүлүк проблемаларын чечүүдө жана аларды статистикалык максатта пайдалануунда расмий статистиканы жүргүзгөн мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү;

4) пайдалануучулардын керектөөлөрү, идеялар жана сунуштар жөнүндө маалымдоо үчүн статистикалык маалыматтарды өндүрүүчүлөрдүн жана пайдалануучулардын байланышын камсыз кылуу жана кайтарым байланышты жөндөө;

5) улуттук статистика системасын өркүндөтүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясат маселелери боюнча сунуштамаларды жана сунуштарды иштеп чыгуу жана алга жылдыруу.

5. Кеңеш өз компетенциясынын чегинде төмөнкүлөргө укуктуу:

1) улуттук статистика системасын өнүктүрүү маселелери боюнча жарандык форумдарды, угууларды жана башка иш-чараларды уюштурууга;

2) статистика жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча мамлекеттик органдардын кызмат адамдарын жана жарандык коомдун өкүлдөрүн өз жыйналыштарында угууга;

3) Кеңештин милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл материалдарды мамлекеттик органдардан жана башка уюмдардан мыйзамдарда белгиленген тартипте суратууга жана алууга;

4) статистика жаатында мыйзамдарды өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (мындан ары - Кыргыз Республикасынын Улутстаткому) системасы үчүн бюджеттик процессти түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүүгө;

5) Кенештин милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон учурда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, илимий, окуу жана башка мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын өкүлдөрүнөн жумушчу жана эксперттик топторду түзүүгө.

3. Кеңештин курамы жана түзүү тартиби

6. Кеңештин курамын Кыргыз Республикасынын Президенти беш жылдык мөөнөткө түзөт.

7. Кеңеш он бир мүчөдөн турат. Анын курамына кызмат орду боюнча Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун төрагасы кирет. Кеңештин калган мүчөлөрү мамлекеттик органдардын, бизнес-коомдоштуктун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, билим берүү жана илим-изилдөө мекемелеринин, өкмөттүк эмес сектордун, жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жана жогорку билими бар, демографиялык жана социалдык өнүгүү; экономикалык, финансы-кредиттик жана банктык ишмердүүлүк; курчап турган чөйрөнү коргоо; коомдук иш жана ишкердик; маалыматтар технологиясы жааттарында практикалык жана илимий-билим берүү тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын жарандарынан дайындалат.

4. Кеңештин ишинин формасы

8. Кеңештин ишинин негизи формасы болуп Кеңештин жыйналышы саналат.

9. Кеңеш ушул Жобо менен жөнгө салынбаган бардык маселелер боюнча өз ишинин регламентин бекитет.

10. Кеңештин ишине жалпы жетекчиликти жыйналыштын координатору жүзөгө ашырат, ал ар бир жыйналышта катышкандардын ачык добуш берүүсү менен жөнөкөй көпчүлүк добуш менен, жыйналышка талкуулоого коюлган маселелердин темасына жараша, анын мүчөлөрүнөн аныкталат. Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун төрагасы биринчи жыйналыштын координатору болот.

11. Кеңештин жыйналышынын координатору:

1) Кенештин жыйналышында модератордун функциясын аткарат, анын сунуштамаларын жана сунуштарын тийиштүү мамлекеттик органдарга жеткирүүгө көмөк көрсөтөт;

2) жыйналыштын кийинки координатору дайындалганга чейин Кеңештин атынан чыгат;

3) Кеңештин ишин уюштурууга байланышкан башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

12. Кеңештин жыйналышы анын координатору же мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбүнүн добушу менен зарылчылыгына жараша, бирок бир жылда бир жолудан кем эмес чакырылат. Кеңештин жыйналышы ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү катышса мыйзамдуу болот.

13. Кеңештин чечими Кеңештин катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат, протокол менен таризделет жана сунуштама мүнөзүндө болот.

Добуштардын саны бирдей болсо, Кеңештин жыйналышынын координатору добуш берген чечим кабыл алынды деп эсептелет.

14. Кеңештин чечимдерине жана башка документтерине Кеңештин жыйналышынын координаторунун колу коюлат.

5. Кеңештин ишин уюштуруу

15. Кеңеш өз ишин коомдук башталышта ишке ашырган туруктуу иштеген орган болуп саналат.

16. Кеңештин ишин уюштуруучулук, маалыматтык жана башка жагынан камсыздоо, ошондой эле Кеңештин жыйналышынын протоколун жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Улутстаткому тарабынан ишке ашырылат.

17. Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун расмий сайтында Кеңештин өзүнүн бөлүгү болот (www.stat.kg).